**“Бекитемин”**

К. И. Скрябин атындагы Кыргыз
улуттук агрардык университетинин
илимий иштер боюнча проректору
а.ч.и.д., профессор
У. А. Шергазиев
“18” ________ 2023 -ж.

К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин токой жана мөмө-жемиш өстүрүү кафедрасынын кеңейтилген отуруму

Бишкек шаары 06.11.2023-ж.

№ 1 токтомунун

**Көчүрмөсү**

**Катышкандар:** кафедра мүчөлөрү жана чакырылгандар.
Тургунбаев К.Т.- а.ч.и.д.(06.01.09), доцент, токой жана мөмө-жемиш өстүрүү кафедрасынын профессордун м.а.;Содомбеков.И.С.-б.и.д.,профессор; Яковлева Н.В. а.ч.и.к., доцент; Жалилова Г.Т. –PhD, доценттин м.а.; Мурзаев Т.Ж. - улуу окутуучу; Стейнберг Э.В.- улуу окутуучу; Керимкулова Н.Т.- улуу окутуучу; Иманалиев А.Т. - улуу окутуучу; Аалиев.С.А.- улуу окутуучу.

**Чакырылгандар:**
Мамбетов К. М. -а.ч.и.к. (06.01.04), доцент, агрономия жана токой чарба факультетинин деканы; Карабаев Н. А. -а. ч. и. д. (03.02.13), топурак таануу, агрохимия жана дыйканчылык кафедрасынын профессору; Дуйшембиев Н. Д. - а.ч.и.д. (06.01.04), топурак таануу, агрохимия жана дыйканчылык кафедрасынын профессордун м. а.; Орозакунова Р. Т. - б.и.к. (03.02.13), топурак таануу, агрохимия жана дыйканчылык кафедрасынын доценти; Ызаканов Т. Ж. - а.ч.и.к. (03.02.13), топурак таануу, агрохимия жана дыйканчылык кафедрасынын башчысы доценттин м.а.; Молдоканова М. С., топурак таануу, агрохимия жана дыйканчылык кафедрасынын улуу окутуучусу;Мамытканов.С.А.-а.ч.и.к. топурак таануу, агрохимия жана дыйканчылык кафедрасынын улуу окутуучусу. Асаналиев А. Ж. -а.ч.и.д. (06.01.09 и 06.01.05), өсүмдүк өстүрүүчүлүк жана өсүмдүктү коргоо кафедрасынын профессордун м.а.; Султанбаева В. А. - а.ч.и.к. (06.01.01), доцент, өсүмдүк өстүрүүчүлүк жана өсүмдүктү коргоо кафедрасынын доценти; Баялиева К.Ж. -а.ч.и.к. (06.01.05), өсүмдүк өстүрүүчүлүк жана өсүмдүктү коргоо кафедрасынын башчысы доцент; Орынтаева К. Б., өсүмдүк өстүрүүчүлүк жана өсүмдүктү коргоо кафедрасынын улуу окутуучусу;

КҮН ТАРТИБИ:

1. Изденүүчү А.Б.Сыдыков 06.01.09 – өсүмдүк өстүрүүчүлүк адистиги боюнча айыл чарба илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган: " Ар түрдүү клондук тамырларда алма дарактарын көбөйтүү " темасындагы диссертациялык ишин талкуулоо.

**Угулду:** Факультеттин деканы Мамбетов К.Б. Токой жана мөмө-жемиш өстүрүү кафедрасынын кеңири жыйынынын төрагасы болгондугу жөнүндө маалымдоо берди. Урматтуу кесиптештер, саламатсыздарбы. Жыйын боюнча сунуштар кандай? Жыйынды ачуу сунушу айтылды. Сураныч, добуш бериңиздер. Добуш берүүнүн натыйжасы: "макул" 20; "каршы" - жок. Бир добуштан кабыл алынды. Жыйын ачык деп эсептелет.

**Төрага**: Күн тартибинде маселе окулду. Күн тартибине толуктоолор, каршы пикирлер барбы? Күн тартибин бекитүүнү ким жактайт? Сураныч, добуш бериңиз.

Добуш берүүнүн натыйжасы: "макул" 20; "каршы" - жок. Күн тартиби бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага**: Регламент боюнча макулдашалы.Чыгып суйлөө тартиби: 15 мүнөт - кандидаттык диссертация үчүн, башкаларга – 5 мин. Регламентти добуш берүү жолу менен бекитүү сунушталды.

Добуш берүүнүн натыйжасы: "макул" 20; "Каршы" - жок. Бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага**: Урматтуу токой жана мөмө-жемиш өстүрүү кафедрасынын кеңейтилген отурумунун катышуучулары жана чакырылган коноктор, изденүүчү А.Б.Сыдыков 06.01.09 – өсүмдүк өстүрүүчүлүк адистиги боюнча айыл чарба илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган: " Ар түрдүү клондук тамырларда алма дарактарын көбөйтүү " темасындагы диссертациялык ишин талкуулоону карайбыз. Диссертациялык иштин материалдарын баяндоо үчүн сөз Айбек Белекович Сыдыковко берилет.

**Угулду**: Изденүүчү Сыдыков Айбек Белекович " Ар түрдүү клондук тамырларда алма дарактарын көбөйтүү " деген темада диссертациянын негизги жоболору боюнча баяндама берди. Регламент сакталды. (Доклад тиркелет).

**Төрага**: Баяндама бүттү. Суроолорду бериңиздер.

**Суроолор:**

1. **Содонбеков.И.С.**-б.и.д. токой чарба жана мөмө-жемиш кафедрасынын профессору.

**Суроо:** Канча макала жарык көрдү? жана тамырлар качан отургузулган?

**Жооп:** Рахмат. 10 макала басылып чыкты, анын ичинен 1 макала РФ (Кубань агрардык университетинин материалдарында) жарыяланган.
Изилдөө үчүн клондук тамырлар жазында 2020-жылдын 8-апрелинде отургузулган.

2. **Мамбетов К.Б.** – а.ч.и.к. агрономия жана токой чарба факультетинин деканы, доцент.

**Суроо**: Иштин максаты?

**Жооп**: Рахмат. Менин ишимдин максаты Кыргызстандын Чүй өрөөнүнүн шартында эргежээл алма дарагынын тамырында кыйыштырылган асыл тукум материалды өстүрүү маселесин чечүүнүн илимий негиздерин берүү болуп саналат. Бир жылдык көчөттөрдү өстүрүү үчүн алма бактарынын клондук тамырлардын эң мыкты формаларын жана тамыр-сабак комбинацияларын аныктоо жана баалоо, ошондой эле алынган көчөттөрдүн сапатын аныктоо.

3. **Асаналиев. А.Ж.** – а.ч.и.д. профессордун м.а.
**Суроо**: Практикалык мааниси? жана изилдөө кайда жүргүзүлгөн?

Жооп: Рахмат. Кыргызстандын шартында биринчи жолу алма дарактарынын байыркы сортторун клондук тамырларда эффективдүү өстүрүү мүмкүнчүлүгү аныкталат жана далилденет. Кыйыштырылган алманын көчөттөрүн тездетип өстүрүүнүн технологиясы иштелип чыккан. Кыргызстандын шартында алманын беш түп тамыры жана беш сорту изилденип, бааланган.

Изилдөө КУАУнун окуу-эксперименталдык чарбасында жүргүзүлгөн. Кыргыз улуттук агрардык университетинин окуу чарбасынын базасы Кыргыз Республикасынын Чүй өрөөнүндөгү Сокулук районунда жайгашкан.

4. **Карабаев Н.А.**, а. ч. и. д., топурак таануу, агрохимия жана дыйканчылык кафедрасынын профессору.

**Суроо**: Изилдөөнүн максаттары кандай?

**Жооп**: Рахмат. Изилдөөнүн максаттары сорт-тамыр айкалыштарына жараша жаңы клондук эргежээл тамырлардын формасын изилдөө жана эргежээл жана жарым эргежээл тамырлардагы кыйыштыруу компоненттеринин жашоо көрсөткүчүн изилдөө, ошондой эле өсүштүн биологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөө. жана алма дарагынын көчөттөрүн сорт-тамыр айкалышына жараша өнүктүрүү.

5. **Султанбаева.В.А**, а.ч.и.к., өсүмдүк өстүрүүчүлүк жана өсүмдүктү коргоо кафедрасынын доценти
**Суроо**: Климаттык шарттары кандай?

**Жооп**: Рахмат. Эксперименталдык участок Чүй облусунун Сокулук районунда жайгашкан. Климаты мелүүн континенттик, абанын жылдык орточо температурасы +10,8°С, абсолюттук минималдуу температурасы –9,3, абсолюттук максимумы +16,7°С. Эң кургак айы август, жаан-чачыны 11 мм. Апрель айында жаан-чачындын эң жогорку чегине жетип, орточо эсеп менен 74 мм. Июль - жылдын эң жылуу айы. Июлдун орточо температурасы 23,9 °С. Орточо алганда -3,6 °С, январь - жылдын эң суук айы.

6. **Мурзаев Т.Ж.**- токой чарба жана мөмө-жемиш кафедрасынын улуу окутуучусу.

**Суроо**: Отургузуу схемасы тууралуу айтып берсеңиз? жана карлик алма дарактарынын жашоо цикли кандай?

**Жооп**: Рахмат. Уч жолу кайталанган беш участокто клондук тамырдын 5 туру этап менен эгилген. Ар бир тамырдын бийиктиги 20 см, 10 см тереңдикте отургузулган. Ар бир участогуна 50 даанадан эгилген. Тамырдын аралыгы 10 см, катар аралыгы 0,5 м ар бир участоктун узундугу 3,5 м, туурасы 3 м. Участкалардын ортосундагы аралык 1 м, ал эми кайталоонун ортосундагы аралык 1,5 м. Отургузулган тамырдын жалпы саны 1500 даана.

Алма дарактарынын жашоо цикли 20 жылдан 30 жылга чейин.

7. **Яковлева Н.В.**- а.ч.и.к. токой чарба жана мөмө-жемиш кафедрасынын доценти.

**Суроо**: Тема качан бекитилген?

**Жооп**: Рахмат. Диссертациямдын темасы 2020-жылдын 15-майында бекитилген.

**Төрага**: Суроо бүттү. 10 суроо берилип, бардыгына оң жооптор берилди. Анда талкууга өтөбүз.

**Чыгып сүйлөгөндөр:**

1. **Профессор Нурудин Абылаевич Карабаевдин сөзү.**

- Диссертацияда маанилүү илимий маалыматтар берилген жана пайдаланылган. Диссертациялык иш « Ар түрдүү клондук тамырларда алма дарактарын көбөйтүү " 06.01.09 – өсүмдүк өстүрүү адистиги боюнча диссертациянын корголушуна туура келет мен макулмун.

2. **Профессор Содонбеков Ишенбай Содонбековичтин сөзү.**

- Диссертация кыргыз тилинде жазылган. Ошондуктан стилистикалык каталар бар жана кээ бир сүйлөмдөр узун жана түшүнүүгө кыйын стилде жазылган.

- Автор жогорудагы пикирлерди эске алышы керек, аларды оңой эле ондосо болот. Мен жактаймын, илимий иш диссертация коргоого туура келет. Ишинизге ийгилик каалайм .

**3. Асаналиев Абдыбек Жекшеевичтин сөзу.** айыл чарба илимдеринин доктору, профессордун милдетин аткаруучу:
Бүгүнкү күндө айтылган иштин жоболору жана натыйжалары чоң илимий кызыгуу жана практикалык мааниге ээ. Изилдөөдө көптөгөн материалдар талдоого алынган жана алардын негизинде алынган натыйжалар өзгөчө жана практикалык жана илимий мааниге ээ. Иштин башында алдыга коюлган милдеттер толугу менен ишке ашты. Мен аны коргоо үчүн сунуштайм. Ийгилик каалайм.

**4. Виктория Асановна Султанбаеванын сөзү.**

- Диссертация так кыргыз тилинде жазылган. Иштин алкагында биздин замандын эң актуалдуу көйгөйлөрүнүн көбү баса белгиленип, изилденген.

Мен аны коргоо үчүн сунуштайм. Ийгилик каалайм.

**5.Илимий жетекчи Тургунбаев Кубанычбек Токтоназаровичтин сөзу .**

Кубанычбек Токтоназарович бул иштин актуалдуулугун, изилдөө мезгилинде изилдөөчү эмне менен алектенгенин кыскача айтып берди. Кубанычбек Токтоназарович аткарылган иштерге кеңири токтолуп, 10 илимий изилдөө илимий журналдарда жарыяланганын айтып ийгилик каалады.

**Төрага**: Жыйынтыктап коёлу, иш Мамлекеттик тилде түшүнүктүү жазылган. Иштин алкагында бүгүнкү күндөгү көптөгөн көйгөйлөр камтылган, мындай багыттагы иш биринчи жолу даярдалып жатат. Куттууктаймын. Кандай сунуш болот.

06.01.09 - Өсүмдүк өстүрүүчүлүк адистиги боюнча айыл чарба илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн А. Б. Сыдыковдун “Ар түрдүү клондук тамырларда алма дарактарын көбөйтүү” аталышындагы диссертациялык ишин коргоого сунушталат.

**Добушка коюлду**: макул- 20, каршы-жок, калыс-жок.

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Сыдыков Айбек Белековичтин “Ар түрдүү клондук тамырларда алма дарактарын көбөйтүү ” деген темада жүргүзүлгөн илимий изилдөө актуалдуу, илимий жаңылыгы жана практикалык мааниси бар. Корутундулардын негиздүүлүгүн жана практикалык мааниси дан куурайдын түшүмдүүлүгүн

жогорлатуу үчүн, өтө маанилүү болгон маселени жаңыча чечилишин эске алуу менен сунушталган, илимий иш Кыргыз Республикасынын улуттук аттестациясынын комиссиясы тарабынан кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарга толук жооп берет, өз алдынча аткарылган илимий изилдөө болуп саналат.

2. Сыдыков Айбек Белековичтин “Ар түрдүү клондук тамырларда алма дарактарын көбөйтүү” деген диссертациялык иши боюнча оң корутунду кабыл алынды, 06.01.09 - өсүмдүк өстүрүүчүлүк адистиги боюнча айыл чарба илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетине жана тең уюштуруучу Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетине караштуу Д.06.23.670 диссертациялык кеңешине кабыл алууну сунуш кылат.

**Төрага:** а.ч.и.к., агрономия жана токой чарба факультетинин деканы — К. Б. Мамбетов

**Катчы:** ага окутуучу — Н. Т. Керимкулова

КАДРЛАР ЖАНА ИШ КАГАЗДАРЫН БАШКАРУУ БӨЛҮМҮ

Подпись К.Б. Мамбетовдун жана Н. Керимкулованын колтамгаларын тастыктаймын заверяю.
Нач. отдела кадров
“18” 12 2023 г.